- Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана студенттерди жумуш ордулары менен камсыз кылуу максатында иш берүүчүлөр менен бирдикте “конок” лекциялары өткөрүлүп турат.

**Практиканы уюштуруу.**

Студенттердин теориялык билимин практикада колдоно билүүсүн тастыктоо ирээтинде окуу жана өндүрүш практикалары төмөнкү мамлекеттик мекеме жана ишканаларда уюштурулат:

- Нарын облустук жана райондук мамлекеттик администрация, Нарын шаардык каржы башкармасы, финансы- кредиттик мекемелерде, Нарын шаардык, райондордук мамлекеттик салык башкармасы, Нарын район аралык соцфонд, туристик фирмалар, Нарын обустук-шаардык спорт мектеп, орто мектептер, жол тейлөө ишканалары ж.б.
- Туризм багыты боюнча Түркия, Корея жана Германия мамлекеттеринде стадировкадан, парктикадан өтүүгө мүмкүнчүлүтөр бар.





- Сабактарын абдан жакшы окуган жана коомдук- тарбия иштерге активдүү катышкан студенттерди КР Президентинин стипендиясына, фонддордун жана жеке атуулдун атынан берилүүчү стипендияга сунушталат.
- Ошондой эле сабактарын мыкты окуган, жашоо турмушу оор ж.б. категориядагы студенттердин жылдык контракттык төлөмдөрүнө университет тарабынан жеңилдиктер берилет (20%,30%,50%, 100%).

## Тапшыруу экзамендери:

**Адистиктерге тапшыруу үчүн Жалпы республикалык тестин жыйынтыгы каралат:**

- **“Каржы жана насыя”, “Логистика”, “Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит”** адистиктерине, негизги тест **110 баллдан** жогору жана кошумча **«математика»** предметинен **60 баллдан** жогору болушу зарыл.
- **“Туризм”, “Юриспруденция” жана “Мамлекеттик муниципалдык башкаруу”** адистиктерине, негизги тест **110 баллдан** жогору жана кошумча **«тарых»** предметинен **60 баллдан** жогору.
- **Табигый-илимдик билим берүү** адистиктерине, негизги тест **110 баллдан** жогору жана кошумча **«Химия», «Биология»** предметинен **60 баллдан** жогору.
- **“Дене тарбия жана аскерге чейинки даярдык”** адистигине, **(ЖРТ) Жалпы республикалык тестин жыйынтыгы талап кылынбайт,** абитуриент физикалык нормативди тапшыруунун негизинде кабыл алынат.

**КОНТРАКТ:**

Бакалавр- (күндүзгү) - 4 жыл 23100 с.,
(сырттан) - 5 жыл-20900с.

**Байланыш контакттары:**

Нарын шаары, Ленин кочосу 127.
Тел: (03522) 5-53-74; 0(777), (701) 569 956;
0703 111 978; 0558 430 008.

# С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

.

# ЭКОНОМИКА ЖАНА ТАБИГЫЙ-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ

**Тоо элинин теңир берген олжосу**
**Жаштарына билим берип колдоочу**
**Тоо койнуна ачкан ушул окуу жай**
**Теңир-Тоонун илим-билим ордосу**



## С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин миссиясы:

**Республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо үчүн, ылдам өзгөрүп жаткан дүйнөдө кесиптик ишмердүүлүк жүргүзүү жана коомдук адептик, маданий, илимий баалуулуктарын илгерилетүүгө жөндөмдүү, компетенттүү адисти даярдоо.**

## ЭКОНОМИКА ЖАНА ТАБИГЫЙ-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ

Экономика жана укук факультети Нарын мамлекеттик университетинин ректорунун 30-август 1997-жылы №54-буйругу менен ачылган. 2020- жылы «Экономика жана табигый гуманитардык илимдер» факультети болуп өзгөргөн.

**Факультетте 2 кафедра иш алып барат:**

- **Экономика, туризм жана башкаруу;**
- **Табигый-гуманитардык илимдик жана дене тарбия.**

Студенттерге сапаттуу жана компетенттүү билим берүүдө жалпысынан -26 профессионалдуу практик- адистер эмгектенишет, анын ичинен 8 илимдин кандидаты, 4 ага окутуучу, 10 окутуучу, 3 лаборант жана 1 инженер-программист.

**Факультет төмөндөгү багыттар боюнча адистерди даярдайт:**

1. Каржы жана насыя
2. Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит
3. Логистика (Продукцияны жүгүртүү чынжыры)
4. Туризм (Агроэкотуризм)
5. Дене-тарбия жана аскерге чейинки даярдык
6. Юриспруденция (Укук таануу)
7. Мамлекеттик, муниципалдык башкаруу
8. Табигый-илимдик билим берүү (Химия, Биология)

- Факультет талапка жооп берген заманбап технологиялык жабдуулар менен камсыздалган. Окутуучулар республикалык жана эл аралык конференция, симпозиумдарга катышып, илимий иштери жыл сайын чыгарылуучу жыйнактарда басылууда.
- Нарын мамлекеттик университети Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош мамлекеттик университети, Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети ж.б. жогорку окуу жайлары менен түзүлгөн келишимдин негизинде студенттердин мобилдүүлүгү жүргүзүлүп турат.
- Корея республикасы, Орусия, Казакстан жана Өзүбекстан мамлекеттеринин жогорку окуу жайларында да студенттик мобилдүүлүк жүргүзүлүүдө.
- Факультеттер ортосунда спорттун түрлөрү боюнча студенттик спартакиада өткөрүлүп турат



- Факультетте студенттердин билимин жогорулатуу үчүн ар кандай багыта ийримдер иш алып барууда.
- ЖОЖдор арасында “Бухгалтердик эсеп жана аудит”, “Менеджмент” боюнча республикалык олимпиадага студенттер активдүү катышып турат.

Туризм багыты боюнча Тоолуу университеттер программасынын алкагында окуу китептер, Кыргыздын улуттук боз үйү ж.б. туристик шаймандар алынып, алар окуу процессине пайдаланылууда.

**Сабактан сырткары кошумча окуу курстар:**

- Стратегиялык пландоо,
- Бизнес план түзүү,
- Финансылык башкаруу,
- Проектилерди башкаруу,
- Лидерлик,
- Сүйлөшүүлөрдү алып баруу,
- 1 С “Бухгалтерия”,
- Финансалык сабаттуулук.

**Бүтүрүүчүлөр:**

Факультетинин бүтүрүүчүлөрү окууларын ийгиликтүү аяктагандан кийин төмөндөгү мамлекеттик башкаруу органдарда, мекеме-ишканаларда иш алып барышат:

Нарын облустук жана райондук мамлекеттик администрациялар, Нарын шаардык каржы башкармасы, Коммерциалык банктар, Мэрия, Нарын шаардык муниципалдык мекеме- ишканалар, райондук, шаардык салык башкармалар, райондордогу социалдык фонд башкармалары, Нарын обустук-шаардык спорт мектеп, райондордогу спорт комитеттер. Нарын облусундагы орто мектептер ж.б.

